УДК 821:82-1 (=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-10-78-81

# ДАСТАН “ПАРИЗАТ” – ЛИРО-ЭПИЧЕСКОЕ ПРОИЗВЕДЕНИЕ, ОТРАЖАЮЩЕЕ ВЫСОКОЕ ПОЭТИЧЕСКОЕ МАСТЕРСТВО ТУМЕНБАЯ БАЙЗАКОВА

***Г.С. Кожобекова***

*Аннотация.* Анализируется в качестве предмета исследования любовь Паризат и Сулаймана. Неравенство как отсутствие свободного выражения волеизъявления в прошлые эпохи является негативной стороной времени: жестокий Бектурган отверг чувства единственной дочери Паризат, и в результате его жестокости история закончилась трагически. Любовь Паризат, кратковременное счастье, печаль, грусть и боль – настоящий объект литературной вселенной Туменбая Байзакова. Приводятся мнения известных литературных критиков о легенде «Паризат», являющейся кульминацией творчества поэта, а также об успехах и о недостатках произведения. Легенда «Паризат» завершает список наиболее выдающихся стихотворений на историческую тему в кыргызской литературе.

*Ключевые слова:* Паризат; Сулайман; Бектурган; любовь; трагедия; сюжет; легенда; поэма; душа; судьба.

# «ПАРИЗАТ» ДАСТАНЫ – ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВДУН АКЫНДЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИН ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛДЕ ЧАГЫЛДЫРГАН ЛИРО-ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМА

***Г.С. Кожобекова***

*Аннотация.* Бул эмгекте изилдөөнүн предмети катары Паризат менен Сулаймандын армандуу махабаты талданат. Өткөн доордогу теңсиздик замандын терс жагы катары каардуу Бектурган бай жалгыз кызы Паризаттын сезимин четке кагып, залимдигинин натыйжасында чыгарманын акыр аягы трагедиялуу аяктагандыгы – автордун ошол мезгилдеги айрым окуялардын бир бөлүгүн чыгармага айлантып, жалпы журтка жеткиргендиги жөнүндө баяндалат. Паризаттын баштан өткөргөн сүйүүсү, кыска убакыттагы бакыт-таалайы, кайгы-капасы, муң-зары, азабы Түмөнбай Байзаковдун адабий ааламынын чыныгы объектиси десе болчудай. Макалада акындын чыгармачылыгынын кульминациясы болгон «Паризат» дастаны жөнүндө белгилүү адабий сынчылардын ой-пикирлери, чыгарманын ийгиликтери жана кемчиликтери тууралуу айтылган ойлору камтылган. «Паризат» дастаны кыргыз адабиятындагы тарыхый темада жазылган поэмалардын эң көрүнүктүүлөрүнүн катарын толуктайт.

*Түйүндүү сөздөр:* Паризат; Сулайман; Бектурган; сүйүү; трагедия; сюжет; дастан; поэма; жан дүйнө; тагдыр.

# DASTAN “PARIZAT” – LYRIC-EPIC WORK, HIGHLY REFLECTING THE POETIC SKILL OF TUMONBAY BAYZAKOV

***G.S. Kozhobekova***

*Abstract.* In this work, the love of Parizat and Sulaiman is analyzed as the subject of research. Inequality of the past era is a negative aspect of the times. It is told that the cruel Bekturgan rejected the feelings of the only daughter Parizat, and as a result of his cruelty, the work ended tragically. Parizat’s love, short-term happiness, sadness, sorrow, pain are the real object of Tumonbay Bayzakov’s literary universe. The opinions of well-known literary critics about the legend “Parizat”, the peak of the poet’s work, as well as about the successes and shortcomings of the work, are given. The legend “Parizat” completes the list of the most prominent poems on historical theme in Kyrgyz literature.

*Keywords:* Parizat; Sulaiman; Bekturgan; love; tragedy; plot; legend; poem; soul; destiny.

Т. Байзаков "Паризат" дастанын жаратуу аркылуу алтымышынчы жылдардын орто ченинде көркөм адабияттын сересине көтөрүлүп, "унутулуп" баштаган акындык илхамын мезгил буйгоосунан алып чыга алды. Окурмандардын чыгарманы окуудагы жогорку талабын канааттандыруу үчүн чоң салыштыруулар, көркөм идея, жаңы жана терең туюнтмалар керек экендигин Т. Байзаков "парыз" катары терең түшүнүп, ошол эле мезгилде өзүнө катуу талап коюу менен күмүш чапкан зергердей, эринбестен, талыкпастан ыр ыргагын кынаптаган акын болгондугу талашсыз. Ошол себептүү акын өзүн дайыма учурдун талабы менен байытып, көркөм табылгаларын улам жаңылантып туруу үчүн көбүрөөк машакаттанган. Тактап айтканда, адамдын ички жана сырткы дүйнөсү, жашоого көз карашы жана түшүнүгү улам жаңыланып турган жаратылыш акындын старттык аянтчасы болгон.

Т. Байзаков Паризаттын балалык кезине кайрылып, эрке, ошол эле маалда эстүү, эркек баладай курч, өткүр, тайманбас болуп чоңойгонун ырга салып, чебер калемгер окурманын көркөм поэзиянын кереметтүү ажайып, сыйкырдуу дүйнөсүнө байкатпастан алып кирген. Бактылуу балалыктын бейкапар күндөрүн санаасыз өткөрүп, назик кыз пейили менен жигиттерди шынаарлатып, шапар тепкен, куш салып, салтанат, оюн күткөн күндөр, лирикалык маанай чыгарманын аккорду болуп саналат.

Паризаттын баштан өткөргөн сүйүүсү, кыска убакыттагы бакыт-таалайы, кайгы-капасы, муң-зары, азабы Т. Байзаковдун адабий ааламынын чыныгы объектиси десе болчудай. Албетте, адамдын трагедиясы менен жалпы адамзаттын трагедиясынын жуурулушуусу чанда гана кездешет. А бирок акын Паризаттын образы аркылуу ошол теңсиздик замандагы кыз-келиндердин өз сүйүүсү үчүн күрөшүүгө, эркин жашоо образына укугу чектелүү экендигин, тескерисинче, айрым учурларда мазакталууга, шылдың болууга, басынтылууга дуушар болгондугун айгинелейт. Демек, Паризат жашаган ошол доордогу аялзатына жасалган мамиле бүгүнкү күндөгү замандап жашоо образынан бир топ катаал, татаал түзүлүштө болгондугу чыгармадагы сюжеттерден, окуялардан, психологиялык ар кандай кырдаалдардан ачык-айкын көрүнөт.

Окурмандарга кеңири тарап, ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп келе жаткан "Ак Зыйнат", "Ак Саткын" сыяктуу сюжеттерге кайрылып, алардын белгисиз жактарын ачып көрсөтүп, жаңыча көрк менен күйөрмандарынын кызыгуусун арттыра турган дастанга айлантуу оңой-олтоң иш эмес. Мындай кырдаал акындык чеберчиликти, көрөгөчтүктү, чоң эргүүнү, илхамды жана тапкычтыкты талап кылаары айдан ачык маселе. Ошол себептүү "Паризат" дастаны кыргыз адабиятындагы тарыхый темада жазылган поэмалардын эң көрүнүктүүлөрүнүн катарын толуктайт. Чыгармадагы окуялар так жана жыйнактуу, лирикалык чегинүүлөр менен коштолгон сөздөрү куюлушуп элестүү, эркин, бир өзөнгө толуп, кайталангыс добуш менен жаңырган сюжеттер окурманды кайдыгер калтырбайт.

Паризаттын бейпил балалыгы бой жеткен куракка жеткенде түп-тамырынан бери өзгөрдү. Каардуу атасынын талабынан улам анын бактысы бөксөрүп, тагдыр аны өз теңине кошпой, жүрөгү зилдеди:

Бирде кыял дарт муунтуп жоголот,
Бирде кайра ай-жылдыздай тоголот.
Оодарылса онтоо тартып Паризат,
Олоң чачы акырекке оролот.
Көздөн аккан кандуу жашты шыпырат:
"Тирүү туруп өлгөн кайдан оңолот? "[1].

Каармандын тагдыры жеке керт башына тиешелүү болуп, кыздын жүрөгүндөгү тагдырына баш ийбеген сүйүү түбүнө жетээрин акын төмөндөгүдөй саптар менен улантат:

Улагадан ажал ачат арааңды
Күндүз да – түн, түн дагы – түн караңгы...
"Кайдан билсин табып, молдо, кожолор
Жүрөктөгү, тилектеги жараңды?
Кыш аязын ышкы отуна эритип
Кыял минип издейм жалгыз адамды" [2, с. 152].

Жароокер кыздын сүйгөнү менен сүйлөшүүсүн Т. Байзаков монолог түрүндө берип, аягы жоопсуз, жыйынтыксыз калган армандуу махабатты төмөнкүдөй чагылдырат:

Күн-түн ыйлайм. Жакшылык жок Кудайдан
Кайгымды арылт кайтып келип, Сулайман:
Тайгак жолдо, тар кыяда кечтиңби
Өмүрү бир, көңүлү бир жубайдан?..

Кайтар жолуң каргашалар кескенби,
Кабарың жок, дарегиң жок кылайган... [2, с. 119].

Мындай ыр саптары, жогоруда белгиленгендей, теңсиздик замандагы каардуу байлардын аялзатына көрсөткөн залимдигин, акыйкатсыздыгын, таш боордугун сүрөттөйт. Т. Байзаковдун акындык жүзү, чыгармачылыктагы изденүүчүлүк машакаты "Паризат" дастанынан ачык-айкын көрүнөт.

Демек, Паризаттын өткөн өмүрүндөгү татаал турмушту, анын психологиялык толгонууларын чагылдыруу оңой эместиги акындын Паризаттын акылы менен сезиминин жуурулушуп, жүрөгүнүн түпкүрүндөгү айыкпас дартынан жаралган психологиялык өзгөрүүсүн чыгарманын кульминациясында так көрсөтүүдөн байкалат.

Акындын "Паризат" дастаны менен 10 жылга жакын алпурушуп, өзүнүн "акындык менин", "профессионалдык стилин" көрсөтүү үчүн тынбай эмгектенип, акырында өзү күткөн жыйынтыкка жетүүсү чыгармада колдонулган салыштыруу, метафора, лирикалык чегинүү, ар кандай саптардын тизмеги, уйкаштык, көркөм сөз каражаттарынан далилденет. Чыгарманын көркөм-эстетикалык, идеялык өзгөчөлүгү даана көрүнүп, көркөм чындыктын күчү менен усталык өнөрүн далилдейт.

Коомдук өнүгүү эч убакта бир калыпта, бир орунда турбайт. Анда алдыга өнүгүүлөр, айрым учурда артка чегинүүлөр, өзгөрүүлөр болуп турат. Коомдун өнүгүүсүнө жараша адамдардын дүйнөнү кабыл алуусунда, философиялык-эстетикалык түшүнүктөрүндө өзгөрүүлөр, жаңылануулар да болуп тураары баарыбызга түшүнүктүү [3]. Демек, бүгүнкү заманбап жашоодо аялдарга болгон тең укуктуу мамиле өнүгүүдө, керек болсо айрым учурларда аялдардын даражасы жана коомдогу ролу жогору болуп жаткандыгы ачуу чындык.

Кыргыз эл акыны С. Жусуев Т. Байзаковдун "Паризат" дастаны тууралуу минтип айтат: "Алгачкы китебине, алгачкы дастанына окурмандар тарабынан берилген баа акынды жаңы чыгармачылык ийгиликтерге шыктандырды, көңүлүнө канат бүтүп, баштагы сүрдөө, ыкшоолукту унутуп, акындыктын татаал жолуна белди бекем байлап, чечкиндүү кадам шилтеди" [4].

"Паризат" дастаны аркылуу акынды эл сынап, нукура талантын адилеттүү баалап, ошол мезгилдеги белдүү акындардын катарына эл кошкон. Бирок адабий сынчылардын арасында дастандын кемчилиги тууралуу да пикирлер айтылган. Алардын бири катары адабиятчы, филология илимдерин доктору А. Кадырманбетова минтип айтат: "Албетте, поэмада ийгиликтер менен катар кемчиликтер да бар. Чыгарманын башкы өксүгү катары баш каармандар канчалык конкреттүү, реалдуу шарт-жагдайларда, кырдаалдарда сүрөттөлбөсүн, алардын ачык көркөм мүнөзү (индивидуалдуу личность катары) түзүлбөгөн" [5].

Адабий сынчы К. Абдылдабеков "Паризат" дастаны жөнүндө минтип өз пикирин билдирет: "Сөз кылып жаткан дастан – акындын алгачкы көлөмдүү чыгармасы жана ал кыйла узак мезгилде жазылган. Жаш күнүнөн эле поэзия менен алпурушуп, ырлары басма сөз бетине үзбөй чыгып, белгилүү бир деңгээлде тажрыйба күтүп, такшалып калган акындын бул дастаны менен бирге чакан ырлар жыйнагынын кечигип чыгышы, адегенде сырттан караган көзгө чабалдык, кашаңдык катары да сезилиши мүмкүн" [6].

Бирок иштин чынында андай эмес экендигин, акындын купулуна толбогон, жүрөгүн жылыта албаган, чала иштелген чыгарма окуучунун жүрөгүнө жетпестигин сезип чыгармачылыгына кылдат мамиле жасаган акын муну туура түшүнүп, башка акындардай мен деле бир китептин автору болуп калайын деп ашыкпай, поэзияга, акындык кесипке өтө жоопкерчиликтүү, кылдат карагандыгын айтат.

Албетте, нагыз лиризмден жаралган ыр саптары окуучуну кайдыгер калтырбай, дастанды негизинен кыргыз поэзиясында кеңири практикаланган, жада калса традициялык ыкмага айланып калган он бир муундан турган ыр өлчөмүндө жазган. Бирок сөзгө сараңдык менен мамиле жасап, колдон келишинче айтайын деген оюн так, элестүү ачып берүүгө аракет кылган. Т. Байзаков сүйүшкөндөрдүн бири бирине жете алышпай, арманда кетишкенин көп сөз кылып баяндап отурбайт. Катуу кагылышта сүйгөнү каза болгон соң Паризаттын да жүрөгү оорууга чалдыгып, акыры кыз байкуш да өлүмгө дуушар болгондугун акын эки сап менен эле окурмандарына жеткирет.

Көркөм поэзиядагы лирикалык жанрга чоң салым кошкон Т. Байзаковдун “Паризат” дастаны жөнүндө София Байзакова минтип айтат: “С. Эралиев даёт очень высокую оценку этой лирической поэме Т. Байзакова. Он пишет: “несмотря на вековую известность о драматической судьбе двух влюблённых, Т. Байзаков сумел найти в ней неизведанные стороны, сумел дать ей современную окраску, тем самым заинтересовав читателя. Текст и подход автора – это высокое достижение поэта. Поэтому в нашей литературе затронутая тема заняла своё почётное место” [7].

“Паризат” дастаны тууралуу С. Эралиев мындай пикирин кошумчалайт: “Түмөнбай энеден атайын ыр жазуу үчүн төрөлүп келгендей эле. Ырлары аркылуу окуучунун жан-дүйнөсүн кантип козгоп, кантип күүгө салууну ал жакшы билчү. Анын акындык чеберчилиги ошончолук күчтүү эле. Түмөнбайдын сүйүү жөнүндөгү атактуу “Паризат” дастаны кыргыз поэзиясы жеңип алган бийиктиктердин бири болду. Ал канча бир жылдар мурун жазылса да, ушул кезге чейин өз кооздугун жоготкон жок” [8].

Жыйынтыктап айтканда, “Паризат” дастаны – Т. Байзаковдун чыгармаларындагы эң бир ийгиликтүү, акындын сүрөткерлик чеберчилигин жогорку деңгээлде чагылдырган лиро-эпикалык чыгарма. Т. Байзаковду “акын” катары адабий чөйрөгө жана окурмандарга тааныткан, көп жылдык тажрыйбасынын негизинде чыгармачылык дараметин бийик денгээлде көрсөтө алган чыгарма болду десек жаңылышпайбыз. Окурмандын жан-дүйнөсүн козгоп, сезимдерине бүлүк салып, жүрөгүнөн орун алган чыгарманы жаратуу – акындын чоң ийгилиги. Окурмандардын гана эмес, адабий сынчыларды да ойлонтууга мажбурлап, кээ бир калемдештеринин “Паризат” дастаны жөнүндө өз баасын берүүгө илхамын ойготкон чыгарма болду десек жаңылышпайбыз. Корутундулап айтканда, “Паризат” дастаны – Түмөнбай Байзаковдун акындык чеберчилигин жогорку деңгээлде чагылдырган лиро-эпикалык чыгарма.

Поступила: 28.08.23; рецензирована: 11.09.23; принята: 13.09.23.

***Адабияттар***


1. *Байзаков Т.* Тандалмалар: Ырлар, дастандар / Т. Байзаков. Фрунзе: Кыргызстан, 1983. 368 б., 249 б.
2. *Байзакова С.* Встреча с друзьями / С. Байзакова. Бишкек: Бийиктик, 2013.
3. *Кадырбек кызы Нуркыз*. Сүйүнбай Эралиевдин поэзиясындагы көркөм сөз каражаттар системасы: филол. илимд. канд. ... дис. / Кадырбек кызы Нуркыз. Ош, 2022. 195 б.
4. *Жусуев С.* Ырлары менен бирге жашайт: (Жоокер акын Түмөнбай Байзаковду эскерип) / С. Жусуев // Эркин Тоо. 1994. 18-май.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Бишкек, 2017. VI т. 645-б. / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында, 648-б.
6. *Абдылдабеков К.* “Паризат” аттуу макаласы // К. Абдылдабеков // Ала-Тоо. 1970. № 7. 160-б.
7. *Байзаков Т.* Паризат. Патрондогу каттар: экинчи басылышы / Т. Байзаков. Ош, 2013.
8. *Эралиев С.* Түмөкөмүн ысымы түбөлүктүү / С. Эралиев // Ош жаңырыгы. 1996. 21-сентябрь. № 111 (15 177). 2-б.